"Бекитемин"

Директор: Сарытаева Д.Т.

"___" 09 2022-жыл

# Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин жарандык коргонуу боюнча жылдык иш планы

| | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Өткөрүлүүчү жай | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | ЖК боюнча мектептин иш планын түзүү.<br>ЖК боюнча жооптуу кызматкерлердин тобун түзүү дайындоо .<br>Өрт өчүрүүчүлөр жана ыктыярдуу куткаруучулар тобун түзүү<br>Өрт коопсуздугунун алдын алуу, жооптуу кызматкерлерди бекитүү (буйрук чыгаруу) | Сентябрь | Мектеп директору<br>ОББ<br>Организатор |
| 2 | Окуучуларды жол эрежелери жана техникалык коопсуздук эрежелери менен тааныштыруу.<br>Кааналарга эвакуация планын түзүү жана тааныштыруу.<br>Ар бир каананын планы .<br>Кокустук болгон мезгилдеги биринчи жардам аптечкасы.<br>Башталгыч класстарда:<br>"Үйдөн мектепке чейинки маршрут"боюнча түшүнүк берүү | Сентябрь | Администрация<br>Класс жетекчи |
| 3 | "Өрт тилсиз жоо" тарбиялык сабак | Октябрь | Класс жетекчи |
| 4 | Шаардык ӨКМ кызматынын талабына жараша мектептеги техникалык коопсуздук эрежелеринин аткарылышын көзөмөлдөө | Ар квартал сайын | Администрация |
| 5 | "Кыш мезгили жол тайгак" тарбиялык сабак | Декабрь | Класс жетекчи |
| 6 | Жарандык коргонуу боюнча маалыматтык бурчтарды уюштуруу,ыкчам байланыш номерлерин чагылдыруу | Январь | Организатор<br>Класс жетекчи |
| 7 | Мектеп окуучуларына ӨКМ бөлүмүнө экскурсия уюштуруу . | Февраль | Администрация |
| 8 | "Кырсык жана адам", ӨК түрлөрү жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча эң мыкты дубал гезити сынагын өткөрүү | Март | Организатор<br>Кл.жетекчи |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9 | Өзгөчө кырдаал учурунда даярдык сигналын берүү(тревога) | Ар чейрек сайын | Дене тарбия мугалими |
| 10 | Жаш куткаруучу, санитардык посторду түзүү, аларга биринчи жардам көрсөтүү боюнча сабактарды өкөрүү | Жыл ичинде | Мектеп мед айымы Организатор |
| 11 | Окуучуларды өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча ӨКМ кызматкерлери менен жолугушуу өткөрүү жана атайын куткаруучу авто унаалардын жардамында машыгууларды өткөрүү | Апрель | Администрация |
| 12 | Жайкы эс алуу мезгилинде коопсуздук эрежелерди түшүндүрүү (суууга түшүү,тоого чыгуу, саякаттоо учурунда) | Май | Класс жетекчи |
| 13 | Жылдык жыйынтыктоо | Июнь | ОББ |

# Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы «Жарандык коргонуу" боюнча жүргүзүлгөн иштеринин жылдык отчету.

Мектепте жыл сайын ЖК боюнча тиешелүү буйруктардын негизинде мектептин иш планы иштелип чыгат. Анын негизинде жыл ичинде иш чаралар жүргүзүлүп келет.Жыл башында окуучулардан түзүлгөн өрт өчүрүүчүлөр тобу, сан постор жана өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча кызматкерлер дайындалып ,буйрук чыгарылды.

Өрттун алдын алуу боюнча класстык сааттар , ата – энелер чогулушу да өткөрүлүп, өрттүн чыгуу себептери боюнча ОКМ кызматкерлери тарабынан маалыматтар берилип, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Бүгүнкү күндө өрттүн алдын алуу иштери боюнча класстык сааттар, окуу кааналарда эвакуациялык схемалар, маалыматтык бурчтар,101 телефондор, 220 В деген белгилер коюлган.

2022-жылдын 10-февраль күнү, шаарыбызда жайгашкан №62 ӨӨК мекемесине 8-9-10-класстын окуучулары экскурсияга барышты. Ал жерде окуучулар өрттүн келип чыгуу себептери, өрт коопсуздугунун алдын алуу, жана өрт чыккан учурда эмне кылуу керектиги жөнүндө маалыматтарды алышты.Ошондой эле окуучулар, ар кандай учурларда коопсуздук эрежелерин так сактоого жана аткарууга , бири бирин сыйлоого жана топтордо бирдиктүү иштөө керектиги жөнүндө эң маанилүү маалыматтарга ээ болушту.

Шаардык "Граждандык коргонуу күнүнө" карата түзүлгөн иш пландын негизинде мектепте 2- март күнү "Жарандык коргонуу күнү" өткөрүлдү.

Жарандык коргонуу күнү" мектеп директорунун №39 § 2 буйругунун негизинде, атайын түзүлгөн иш план боюнча жооптуу адамдардын катышуусунда өткөрүлдү.

Иш чара 2-март күнү эрте менен 8:30 да линейка менен башталып, " Жарандык коргонуу күнүн" жүрүшү жөнүндө маалыматтар берилди.

Биринчи саатта бардык класстарда " Жарандык коргонуу күнүнө" карата түзүлгөн иш пландын негизинде, атайын белгиленген темалар менен тарбиялык сааттар өтүлдү.

Саат 9:40 та табигый кырсыктардан коргонуу үчүн "окуу тревогасы" берилип, мектеп окуучулары жана мугалимдери берилген жерге 2 мин 50 секундада толук качып чыгышты.

Анда 10-11- класстын окуучуларынан түзүлгөн төрт пост, үч команда (санитардык ИДН, куткаруучу) жабыркаган 2 окуучуга жардам беришип, алгачкы көрсөтүлгөн биринчи жардам боюнча маалымат беришти. Дене тарбия мугалими Амираев Мыктыбек эвакуациянын жүрүшү боюнча мектеп директоруна рапорт берди.

Саат 9:55 ден баштап "Жарандык коргонуу күнүнө" карата даярдалган иш чара өткөрүлдү.

Аталган иш чарага шаарыбыздын ОКМ кызматкерлери катышып, өрт чыккан учурда , өзүн кандай алып жүрүү жолдорун өрттүн алдын алуу жана оор кесепеттерден сактануу үчүн, бир катар жөнөкөй эрежелерди эске тутуу зарыл экендигин айтып өтүштү.

Химиялык чабуулдар мезгилинде , өрт чыккан учурда коргонуучу кийимди кийип чечүү көрсөтүлдү. Окуучулар чоң кызыгуу менен көрүштү.

Саат 10:45 ден баштап мектеп окуучулары 3- сабакка киришсе , атайын түзүлгөн комиссия " Жарандык коргонуу күнүнө" карата залда уюштурулган сүрөт, буклет, дубал газеталар конкурсунун жыйынтыгын чыгарды. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча " Жарандык

коргонуу күнүнө” мыкты катышкан класстар , окуучулар белгиленип, грамоталар менен сыйланышты.

Окуучуларга техникалык коопсуздук эрежелери жана жолдо жүрүү эрежелери боюнча түшүндүрүү иштери , тарбиялык сааттар өткөрүлүп, тарбиялык журналдарга окуучулардын кол тамгалары коюлган. Бардык предметтик кааналарда , этаждарда эвакуациялык пландар түзүлүп, бекитилип илинди.

1-4- класстарга жол кайгул кызматкерлери жол белгилери боюнча түшүнүк беришти.

Өрттөн чыгуу коопсуздугунун алдын алуу алуу боюнча мектептин ар бир кабатында , ашканада , химия каанасында , китепканада , информатика каанасында бирден огнетушитель коюлган жана шиттерге , точкаларга 220 В деген жазуулар жазылган. Ар бир окуу кааналарда өрт боюнча бурчтар түзүлгөн .Өрттүн келип чыгуу ,жана анын алдын алуу жөнүндө ,жыл бою класс жетекчилер окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, өрттүн чыгуу себептерин, медициналык биринчи жардам жана ишеним телефондору боюнча маалымат беришти.

Январь айында кабинеттер конкурсу өткөрүлдү.Ал жерде өрт боюнча бурчтар, тарбиялык саттар жана каанадагы точкаларга “ 220В” деп жазылган жазууларды эске алуу менен текшерилди.

Быйылкы окуу жылында бардык кабинеттердеги жана коридорлордогу электрдик точкалар, щиттердин абалы каралып чыкты. Кабинеттер жана коридорлордогу электр лампалары электр энергияны үнөмдөөчү лампаларга алмаштырылды.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.




ӨКМ МЧС







